**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №28 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 20-апрели Кара-Суу шаары

Катышышты:

Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Мамашев М., Кадыров К., Акимбаев С.

## Күн тартиби:

1. **“Клооп медиа” коомдук фондунун арызын кароо**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, “Клооп медиа” коомдук фондунан 2021-жылдын 11-апрелинде болуп өткөн Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо шайлоо процессинин бузулушу боюнча кайрылуу жолдогон.

1. №5228 шайлоо участогунда АЭУнун жанында шайлоо участогунун мүчөсү турган, бюллетенди өзу таштады деп белигилеген. Бул маалымат боюнча №5228 шайлоо участогунун төрагасынан түшүнүк кат алынды. Ал өз түшүнүк катында, шайлоочу бюллетенди салып, чыгып кеткен, АЭУ бюлетенди кайра чыгарып койгондо, АЭУ оператору кайрадан бюллетенди салды деп билдирди.

2. №5590 шайлоо участогунда 2 шайлоо комиссиясынын мүчөсү АЭУнун жанында отурду, кээде шайлоочуларга бюллетень салууга жардам берди деп көрсөткөн. Бул маалымат боюнча №5590 шайлоо участогунун төрагасынан түшүнүк кат алынды. Ал өз түшүнүк катында, АЭУ оператору АЭУнун жанында болгондугун, кээде шайлоочулар бюллетень сала албай калганда, шайлоонун купуялуугун сактоо менен жардам бергендигин, АЭУнун жанында эч кандай чоочун адам болбогондугун билдирди.

“Клооп Медиа” коомдук фонду №5228, №5590 шайлоо комиссияларынын төрагаларына чара көрүп берүү сунушу менен кайрылган. Кара-Суу аймактык шайлоо комиссия тарабынан иликтөөдө АЭУ операторлору өз милдеттерин аткаргандыгы, добуш берүүнүн купуялуулугу бузулбагандыгы аныкталды.

Жогорудагылардын негизинде, “Клооп Медиа” коомдук фондунун №5228, №5590 участкалык шайлоо комиссиясынын төрагаларына чара көрүү сунушунан баш тартылсын деген сунушту добушка койом.

Сунуш добушка салынды:
**Макул – 12,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**

**Чечим кылат:**

1. “Клооп Медиа” коомдук фондунун №5228, №5590 участкалык шайлоо комиссиясынын төрагаларына чара көрүү сунушунан баш тартылсын.

2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**